**100105 – «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги үчүн**

**«Кыргыз тили» дисциплинасы боюнча баалоо каражаттарынын фондусу (ФОС)**

| **Контролдук модулдук суроолор** | **Доклад темалары** | **Тестирлөө** | **СӨИ темалары** |
|---|---|---|---|
| 1. Орфографиянын мааниси жана анын негизги принциптери.<br>2. Кыргыз тилинин алфавити, тыбыш жана тамга түшүнүгү.<br>3. Үндүү тыбыштардын түрлөрү жана алардын жазылышы.<br>4. Үндүү тыбыштардын түшүп калуу учурлары.<br>5. Үнсүз тыбыштардын классификациясы жана жазылышы.<br>6. б, в, д, ж, г тамгаларынын сөз ортосунда жана аягында жазылышы.<br>7. ф, х, ц, щ тамгалары катышкан сөздөрдүн жазылышы.<br>8. Йоттошкон (е, ё, ю, я) тамгалардын кызматы жана жазылышы.<br>9. Жөнөкөй жана татаал сөздөрдүн айырмасы жана жазылышы.<br>10. Баш тамгалардын жазылыш эрежелери. | 1. Кыргыз орфографиясынын тарыхый өнүгүү этаптары.<br>2. «Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин» соңку редакциясынын өзгөчөлүктөрү.<br>3. Тексттен үндүү тыбыштардын жазылышын талдоо.<br>4. Кесиптик лексикадагы үнсүз тыбыштардын жазылышы.<br>5. Йоттошкон тамгалар катышкан терминдердин сөздүгүн түзүү.<br>6. Мейманкана бизнесине тиешелүү татаал сөздөрдүн жазылышы.<br>7. Массалык маалымат каражаттарындагы (ММК) адам аттарынын жазылышын талдоо.<br>8. Эпостордогу уруу, эл аттарынын жазылышы.<br>9. Нарын облусундагы жер-суу аттарынын орфографиялык жазылышы.<br>10. Дүйнө картасындагы мамлекет аттарынын кыргызча жазылышы.<br>11. Кыргызстандагы аба каттамдарынын жана темир жолдордун аталыштары. | 1. Созулма үндүүлөрдүн туура жазылышы.<br>2. Сөздүн аягындагы б, в, д, г тамгаларына мүчө улангандагы өзгөрүүлөр.<br>3. ң тамгасынын сөз ичиндеги орду.<br>4. е, ё, ю, я тамгалары кайсы учурда эки тыбышты билдирет?.<br>5. ь жана ъ белгилеринин жазылуу учурлары.<br>6. Энчилүү аттарга мүчө улангандагы дефистин коюлушу.<br>7. Кичине тамга менен жазылуучу энчилүү аттар.<br>8. Кошмок сөздөрдүн дефис менен жазылбаган учурлары.<br>9. Сан атоочтордун жазууда берилиши.<br>10. Бир муундуу сөздөрдүн ташымалданышы.<br>11. Катар келген үнсүздөрдүн ташымалдоодо бөлүнүшү.<br>12. Баш тамга менен жазылуучу географиялык аттардын түзүмү. | 1. Орфографиянын эрежелери.<br>2. Үндүү тыбыштардын жазылышын тексттен талдоо.<br>3. Үнсүз тыбыштардын жазылышын талдоо.<br>4. Ф, х, ц, щ тамгалары катышкан сөздөрдү тексттен таап жазуу.<br>5. «Кыргызча-орусча сөздүктөн» йоттошкон тамгалар (е, ё, ю, я) катышкан 20 сөз жазуу.<br>6. Тексттен жөнөкөй жана татаал сөздөрдүн жазылышын талдоо.<br>7. Массалык маалымат каражаттарында (ММК) адам аттарынын жазылышы боюнча маалыматтарды жыйноо жана талдоо.<br>8. Эпостордогу уруу, урук, элдин, айбанат жана куштардын аттарынын жазылышы.<br>9. Жашаган аймакта кездешкен жер-суу аттарын изилдөө.<br>10. Европа материгинде жана Түндүк Америкада жайгашкан мамлекеттердин аттарынын жазылышы. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11. Адам аттарынын, атасынын атынын жана фамилиясынын жазылышы.<br>12. Астрономиялык энчилүү аттардын жазылышы.<br>13. Уруу, урук жана элдердин аттарынын жазылышы.<br>14. Айбанаттар жана куштарга коюлган энчилүү аттардын жазылышы.<br>15. Жер-суу аттарынын (топонимдердин) жазылышы.<br>16. Мамлекеттердин жана мамлекеттик органдардын аттарынын жазылышы.<br>17. Жол, аба каттамдарынын жана ишканалардын аттарынын жазылышы.<br>18. Орден, медалдардын жана наамдардын жазылыш эрежелери.<br>19. Майрамдардын жана тарыхый окуялардын аталыштары.<br>20. Бириккен сөздөрдүн жазылышы жана аларга мисалдар.<br>21. Кошмок сөздөрдүн бирге жана бөлөк жазылуу учурлары.<br>22. Кыскартылган сөздөрдүн түрлөрү жана жазылышы.<br>23. Кош сөздөрдүн жазылышы жана дефистин коюлушу. | 12. Орден, медаль жана ардактуу наамдардын туура жазылышы.<br>13. Сөз мүчөлөрүнүн жазылышындагы өзгөчөлүктөр.<br>14. Мейманкана жана туристтик комплекстердин аталыштарынын жазылышы.<br>15. Кошмок сөздөрдүн туризм тармагында колдонулушу.<br>16. Эпостордогу баатырлардын аттарынын жазылышы.<br>17. Кыргызстанда кездешкен сейрек куштардын аттары.<br>18. Гезит-журналдардагы майрам аттарынын жазылышына мониторинг.<br>19. Завод-фабрикалардын аттарынын тарыхый жана заманбап жазылышы.<br>20. Кыргыз тилиндеги ыр, повесть жана романдардын аттарынын жазылышы.<br>21. Дүйнөлүк искусство чыгармаларынын кыргызча берилиши.<br>22. Диний терминдердин орфографиялык сөздүктөгү жазылышы.<br>23. Дефис менен жазылган татаал терминдердин анализи.<br>24. Машиналардын жана техникалардын аталыштарынын жазылышы. | 13. Наамдардын (мисалы: эл артистери) жазылышы.<br>14. Майрамдардын (мисалы: Нооруз, 8-март) жазылышы.<br>15. Чет тилден кирген сөздөрдүн орфографиясы.<br>16. М жана Н тыбыштарынын жазылышы (түн - түмөн).<br>17. Жөнөкөй сөздөрдүн уңгу жана мүчөгө бөлүнүшү.<br>18. Кош сөздөрдүн маанилик түрлөрү.<br>19. Кыскартылган сөздөргө мүчө улоо.<br>20. Темир жол бекеттеринин аттарынын жазылышы.<br>21. Көчө аттарынын баш тамга менен жазылышы.<br>22. Чыгарма аттарынын тырмакчага алынышы.<br>23. Бириккен сөздөрдүн түзүлүшү.<br>24. Төл сөздөрдөгү ф, ц, щ тыбыштарынын жоктугу.<br>25. Сөз башында келбеген тыбыштар.<br>26. Й тыбышынын жазылышы.<br>27. Сын атоочтордун татаал түрлөрүнүн жазылышы.<br>28. Сырдык сөздөрдүн дефис менен жазылышы.<br>29. Топонимдердеги көл, тоо, суу сөздөрүнүн жазылышы. | 11. Кыргызстандагы аба каттамдарынын жана темир жол каттамдарынын жазылышы.<br>12. ММКда орден, медаль, наамдардын аттарынын жазылышын талдоо.<br>II семестр боюнча СӨИ темалары:<br>13. Жөнөкөй сөздөрдүн жазылышы.<br>14. Кошмок сөздөрдүн бирге жана бөлөк жазылышы.<br>15. Эпостордогу баатырлардын аттары.<br>16. Кыргызстанда кездешкен куштардын аттары.<br>17. Гезиттердеги майрамдардын аттарынын жазылышы.<br>18. Кыргыз тилиндеги ырлардын, эпостордун, повесттердин жана романдардын аттарынын жазылышы.<br>19. Искусство чыгармаларынын (спектакль, мюзикл, трагедия, опера) жана сүрөттөрдүн аттарынын жазылышы.<br>20. Кош сөздөрдүн жазылышы.<br>21. Машиналардын жана участоктордун аталыштарынын жазылышы.<br>22. Иреттик сан атоочтордун жазылышы.<br>23. Тексттеги сүйлөмдөрдү ташымалдоо эрежелер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 24. Завод, фабрика жана көркөм чыгармалардын аттарынын жазылышы.<br>25. Искусство чыгармаларынын (спектакль, мюзикл ж.б.) аттарынын жазылышы.<br>26. Диний жана мифологиялык аттардын жазылыш өзгөчөлүктөрү.<br>27. Дефис аркылуу жазылуучу сөздөрдүн категориялары.<br>28. Иреттик сан атоочтордун дефис менен жазылышы.<br>29. Ташымалдын эрежелери жана ташымалдоого болбогон учурлар.<br>30. Тексттеги сүйлөмдөрдү ташымалдоо жана тыныш белгилердин ролу | 25. Географиялык участоктордун аттарынын жазылышы.<br>26. Тексттеги ташымал каталарын табуу жана оңдоо.<br>27. Кесиптик иш кагаздарын жүргүзүүдөгү орфографиялык нормалар.<br>28. Тил маданияты жана сабаттуу жазуунун жарандык мааниси.<br>29. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү менен иштөө усулдары.<br>30. Санариптик мейкиндиктеги кыргыз тилинин жазуу эрежелери | 30. Тыныш белгилердин орфография менен байланышы. | |

**«Кыргыз тили» дисциплинасы боюнча баалоо структурасы:**

1. Баллдык-рейтингдик система.

Студенттин билими 100 баллдык система менен бааланат жана ал төмөнкү компоненттерден турат:

- Күндөлүк текшерүү (ТРК): Практикалык сабактардагы оозеки сурамжылоолор, тапшырмаларды аткаруу жана жумушчу дептерлерди текшерүү аркылуу жүргүзүлөт.
- Студенттин өздүк иши (СӨИ): Аналитикалык жалпылоо, эссе, реферат, презентация жана башка чыгармачылык иштерди камтыйт.
- Модулдук рейтинг-контроль (МРК): Семестр ичиндеги модулдук текшерүүлөр билеттер аркылуу оозеки же жазуу түрүндө өткөрүлөт.

- Жыйынтыктоочу аттестация (Экзамен): Семестрдин аягында даярдалган билеттер боюнча оозеки формада өткөрүлөт.

**2. Баалоо шкаласы жана критерийлери**

Студенттин топтогон упайларына жараша төмөнкүдөй баалар коюлат:

- 86–100 балл («5» – эң жакшы): Студент программалык материалды терең жана толук өздөштүрсө, аны ырааттуу, так жана логикалык иретте баяндап берсе коюлат. Теорияны практика менен тыгыз байланыштыра билүүсү, тапшырмаларды аткарууда эркиндик көрсөтүүсү жана кошумча адабияттарды колдонуусу эске алынат.
- 73–85 балл («4» – жакшы): Студент материалды бекем билсе, аны сабаттуу жана мазмундуу баяндаса коюлат. Суроолорго жооп берүүдө маанилүү эмес таксыздыктарга жол бериши мүмкүн, бирок теориялык жоболорду туура колдоно алат.
- 60–72 балл («3» – канааттандырарлык): Студент негизги материалды гана билсе, бирок анын деталдарын өздөштүрбөсө, аныктамаларда таксыздыктарга жол берсе же практикалык иштерди аткарууда кыйынчылыктарга учураса коюлат.
- 0–59 балл («2» – начар): Студент программалык материалдын чоң бөлүгүн билбесе, маанилүү каталарга жол берсе жана практикалык иштерди аткара албаса коюлат.

**3. Баалоонун формалары жана усулдары**

Баалоо процессинде төмөнкү формалар жана интерактивдүү усулдар колдонулат:

- Оозеки сурамжылоо: Күндөлүк сабактарда студенттердин билимин текшерүү үчүн колдонулат.
- Практикалык жана өз алдынча иштерди баалоо: "Биргелешип издөө", дискуссия, жуптарда иштөө, кичи топтордо иштөө сыяктуу формалар аркылуу жүргүзүлөт.
- Интерактивдүү усулдар: Венндин диаграммасы, Т-схема, РАФТ, ротация, синквейн жана кластер усулдары менен аткарылган иштер текшерилет жана бааланат.
- Жазуу иштери: Тексттеги сүйлөмдөрдү ташымалдоо, орфографиялык эрежелерди колдонуу жана диктант (жат жазуу) иштеринин сапаты текшерилет.

- Модулдук жана жыйынтыктоочу текшерүү: Даярдалган билеттердин негизинде оозеки сурамжылоо жана аттестация жүргүзүлөт.

Бул баалоо структурасы студенттердин кыргыз тили боюнча алган билимдерин, орфографиялык сабаттуулугун жана кесиптик компетенцияларын объективдүү баалоого багытталга